**№87 жалпы орто билим берүү мектебинин 2018-2019-окуу жылындагы ишмердүүлүктөрүнүн жыйынтыктарынын анализи**

| Мекеменин аталышы :№87 жалпы орто билим берүү мектеби | | | |
|---|---|---|---|
| **Анализдин багыттары** | | | |
| **Билим берүү мекемесинин ресурстук базасы** | *Китепкана фонду* *27 399* | *Окуу китеби - даана* *26 909* | *Көркөм адабият китеби - даана* *490* |
| | ***Педагогикалык кадрлардын курамы:*** | 83 мугалимдер | **74-** жогорку билим ,<br>**8-** атайын орто билим<br>**1** - бүтпөгөн жогору |
| | ***Окуучулардын контингенти: - окуучу- 2111*** | ***баштапгыч мектеп*** | 1075 |
| | | ***ортоңку баскыч (5-9-класстар)*** | 937 |
| | | ***жогорку баскыч (10-11-класстар)*** | 99 |
| | ***Класс-комплектисинин саны:*** 61 | ***баштапгыч мектеп*** | 29 |
| | | ***ортоңку баскыч (5-9-класстар)*** | 28 |
| | | ***жогорку баскыч (10-11-класстар)*** | 4 |
| **Тарбия иштеринин анализи** | ***Иштин багыттары:*** | 1.Нравалык тарбиялоо<br>2.Эстетикалык тарбиялоо<br>3.Эмгекке тарбиялоо<br>4.Ден соолукту чыңдоо<br>5.Патриоттуулукка тарбиялоо<br>6.Окуучулдардын өзүн -өзү башкаруу уюмун өркүндөтүү<br>7.Укук бузууларды алдын алуу<br>8.Кесипке багыт берүү<br>9.Окуучуларга социалдык жардам көрсөтүү | |
| | ***Тобокел тобу:*** | ***Жашы жете элек өспүрүмдөр (ИДН) учетунда*** | 1 |
| | | ***Мектептин ички учетунда*** | |
| | ***Ийримдер: ___ (окуучулар)*** | ***спорттук*** | 4 |
| | | ***көркөм(музыкалык)*** | 3 |
| | | ***предметтик*** | 4 |
| | ***Мектептик иш-чаралар*** | Саноо.<br>1. Аймактарды өнүктүрүү жылына карата «Менин айылым» деген темада 1-11-кл класстык сааттар өтүлдү<br>2. «Улуу Кыргыз дөөлөтү» биринчи элдик курултайга 11-кл окуучулары жана кыргыз тили мугалимдери катышты<br>3. Толлеранттуулук Фонду менен биргеликте 21-ноябрда «Толлеранттуулук күнү» белгиленди<br>4. «Доор эли» бей өкмөт уюму өткөргөн наркоманияны алдын алуу максатында 3 окуучу Ысык-Көлгө тренингге катышып келишти<br>5. Келечек жаңы конушунун уюшулгандыгына 30 жыл толгонуна байланыштуу айыл аксакалдары, малаа | |

| | | |
|---|---|---|
| | | башчылары жана жаңы конушту түптөөгө салым кошкон мурдагы депутаттардын катышуусунда тегерек стол өткөрүлдү<br>6. «Камера балдардын колунда» долбоорунун алкагында тартылган таштандылар жөнүндө видеоролик FTI коомдук фонду, № 21 МАБ кызматкерлери, малаа башчылары, ЖӨИ инспектор катышуусунда талкууланды.<br>7. ЮНИСЕФ тин программасынын алкагындагы «Балдарга карата коомчулуктагы достук мамиле» долбоору мектеп окуучуларынын муктаждыктарын баалоо боюнча изилдөө жүргүздү<br>8. Мектеп парламентинин мүчөлөрүнүн потенциалын жогорулатуу боюнча тренинг өтүлдү<br>9. 4-декабрь «Манас күнүнө карата» 8-класстар арасында интеллектуалдык таймаш өткөрүлдү<br>10. Дания мамлекетинен келген мектеп окуучулары менен жогорку класстардын окуучулары жолугушуп пикир алышты |
| | ***Райондук иш-чаралар:*** | Аталышы:<br>1. Улуу Жеңиштин 74 жылдыгына карата согуштун жана эмгектин эрдиктерин данктаган музей, бурчтардын кароо-сынагына катышып, 1-орунду камсыз кыла алдык<br>2. «Мектеп лигасы» спорт оюндары боюнча ;<br>мини футбол - 3-орун<br>дартс - 2-орун<br>стол тенниси- 1-орун<br>грек-рим күрөшү- 3-орун<br>баскетбол- (кыздар)-3орун (балдар) 2-орун<br>волейбол (кыздар)-1орун (балдар) 3-орун<br>жеңил атлетика- 2-орун<br>бадминтон 1-орун<br>Тогуз коргоол- 3-орун<br>3. Мугалимдер арасында өткөрүлгөн спортакиадада<br>Волейбол – 2-орун<br>Дартс – 3-орун<br>Аркан тартыш - 3-орун<br>**4.** Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына карата өткөрүлгөн көркөм окуу сынагында 7-в кл окуучусу Өмүрбек кызы Айжамал катышып, 2-орунга ээ болду<br>5. Жолдо жүрүүнүн жаш инспектору (ЮИД) конкурсуна катышып, баалуу белектерге ээ болушту |
| | ***Шаардык иш-чаралар:*** | Аталышы:<br>1. «Жаңы жылың менен сүйүктүү шаарым Бишкек» темасында мыкты видео куттуктоо номинациясына катышып, 5000 сом өлчөмүндөгү акчалай сыйлыкка ээ болдук<br>**2.** Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына карата өткөрүлгөн көркөм окуу сынагында 7-в кл окуучусу Өмүрбек кызы Айжамал катышып, 3-орунга ээ болду<br>**3.** Кыргыз Мамлекеттик Юридикалык Академиясы тарабынан өткөрүлгөн «мен жана менин укугум» темасында дил баян конкурсуна активдүү катыштык. Ал эми «Кыргызстандын тарыхы» боюнча өткөрүлгөн |

| | | |
|---|---|---|
| | | олимпиадада 9-б кл окуучусу Жыргалбеков Тилек 1-орунду ээлесе, Мамадалиев Алишер кызыктыруучу байгеге ээ болду<br>**4.** КМЮА өткөргөн илимий практикалык олимпиадада №87 орто мектебинен түзүлгөн «ШЕРЛОК» командасы соттук-кылмыш жаза процесси боюнча 2-орунга ээ болушту<br>**5.** «Ыйык Ата Журт» коомдук жаштар фонду тарабынан 8-9-класстар арасында уюштурулган футболдук турнирде мектептер арасында 1-орунду камсыз кылышты.<br>**6.** Ыйык Ата Журт» коомдук жаштар фонду тарабынан уюштурулган 8-кл «Brain Team», 9-кл «инновациялык долбоорлор», 10-кл «жаш билерман», 11-кл «келечекке карай жол» интеллектуалдык билим таймаштарына жигердүү катышкандыгы үчүн баалуу белектер менен сыйланышты<br>**7.** Турциянын Стамбул шаарында өтүлгөн «Түрк дүйнөсү» эл аралык фестивалына 4-в класстын окуучусу Мурзалиев Нуржигит улуттук аспапта ойноо (ооз комуз) боюнча барып катышып келди<br>8. «Эрдиктердин изи менен» республикалык сырттан өтүүчү изилдөө иштеринин сынагында Омурбекова С 8-б кл 2-орун, Канатбекова А 10-б кл 2-орун, 8-е кл Талантбек к Элзина 3-орун. Ушул эле иш чаранын сүрөт тартуу конкурсунда 11-а кл Тиркешова Асия 3-орунду ээледи<br>9. КР Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы өткөргөн «Манас таануу» интеллектуалдык таймашына катышып 4-орунду ээлешти<br>10. Кыргыз радиосунун «Акыл таймаш» сынагынын тандоо турунда 6-класстардын окуучуларынан түзүлгөн топ №11 орто мектеп менен беттешип 1-орунга ээ болушту |
| | ***Окуучуларды социалдык колдоо:*** | Социалдык колдоого муктаж окуучуларга жыл ичинде ар тараптуу жардам берилип турду. Ас-Сабуур кайрымдуулук фонду тарабынан 1-класстарга10 окуучуга бут кийим , 20 окуучу мектеп формасы берилди. 1580 окуучу музей,театр жана башка маданий иш чараларга акысыз барышты. 5-6 класстын 30 окуучусу ысык тамак менен камсыз болушту. Президенттин балатысына 7 класстын окуучусу Омурбек кызы Айжамал барды. № 98 кесиптик окуу жай тарабынан 80 окуучунун чачтары тегиздетилди.1окуучу Мэриянын жаны жылдык балатысына барды. Мектеп ичинде “ Наристе” лагери уюштурулуп, 90 окуучу эс алып,1-июнь Балдарды коргоо күнүнө карата иш чара өткөрүлдү |
| | ***Ата-энелер менен иштөө:*** | Мектепте ата – энелер менен иштөөнүн негизги формалары болуп;<br>-ата- энелер чогулушу<br>-ата-энелер менен класс жетекчинин, мектеп администрациясынын жекече аңгемелешүүсү<br>Окуу жылы ичинде 2 жолу жалпы ата энелердин, 8 жолу класстарда ата энелер чогулуштары өтүлдү<br>Февраль айында ата энелер үчүн «ачык эшик» жумалыгы |

<table>
<tr><td></td><td></td><td colspan="2">уюштурулуп19-22-февралга чейин каалаган сабактарына катыша алышты.</td></tr>
<tr><td></td><td>Профориентация лык иштер:</td><td colspan="2">Ата түрк Ала Тоо Университетине 41 окуучу, Манас университетине-27 окуучу, МУИТ-23, КМЮА-36, КМУ-15 , КУУ-18, Политехникалык колледж-30,Бишкек тех колледж-34, МУК -45 окуучуну экскурсияга алып бардык. Көпчүлүк окуу жайлар мектепке келип кесипке багыт берүү иштерин жүргүзүштү.</td></tr>
<tr><td rowspan="20">Окуу-тарбия иштеринин анализи</td><td rowspan="8">Мектеп боюнча окуучулардын жетишүүсү (окутуу кыргыз жана орус тилинде жүргүзүлгөн класстардын жыйынтыктарын бөлүп көрсөтпөө)</td><td>отличниктер</td><td>160</td></tr>
<tr><td>ударниктер</td><td>522</td></tr>
<tr><td>канааттандырарлык</td><td>1127</td></tr>
<tr><td>окуучу бир төрт менен</td><td>25</td></tr>
<tr><td>окуучу бир үч менен</td><td>66</td></tr>
<tr><td>жетишпеген</td><td>4</td></tr>
<tr><td>ББК (билим, билгичтик, көндүм) сапаты %</td><td>37%</td></tr>
<tr><td>Жетишүү %</td><td>99%</td></tr>
<tr><td>9-класстардын жыйынтык аттестациясы</td><td colspan="2">Жалпы: 153<br>Киргизилди: 153<br>ВКК боюнча бошотулду:<br>Отличниктер: 5<br>Өзгөчө үлгүдөгү:-1<br>52% билим сапаты 100% жетишүү</td></tr>
<tr><td>11-класстардын жыйынтык аттестациясы</td><td colspan="2">Жалпы: 49<br>Киргизилди: 48<br>ВКК боюнча бошотулду:-1<br>Отличниктер: 4<br>Өзгөчө үлгүдөгү:-<br>61 % билим сапаты 100%жетишүү</td></tr>
<tr><td rowspan="5">Олимпиада</td><td>мектептик</td><td>Бардыгы: 372<br>Байгелүү орундардын жеңүүчүлөрү : 94</td></tr>
<tr><td>райондук</td><td>Бардыгы: 30<br>Байгелүү орундардын жеңүүчүлөрү : 7</td></tr>
<tr><td>Шаардык предметтик /башка шаардык (аталышын берүү)</td><td>КМЮА өткөргөн Кыргызстандын тарыхы боюнча олимпиадада 9-б кл окуучусу Жыргалбеков Тилек 1-орун</td></tr>
<tr><td>Республикалык предметтик /башка республикалык (аталышын берүү)</td><td>Бардыгы: -<br>Байгелүү орундардын жеңүүчүлөрү :</td></tr>
<tr><td>Эл аралык предметтик /башка эл аралык (аталышынберүү)</td><td>Бардыгы: -<br>Байгелүү орундардын жеңүүчүлөрү :</td></tr>
<tr><td>Алтын</td><td colspan="2">110балга чейин -10</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | *сертификат:*<br>*(ОРТ)* | 110-150-чейин -24<br>150-200 чейин жогору -15<br>эң жогорку балл-200 | |
| | *Долбоор ишмердүүлүгү* | *мектептик* | *Долбоордун жалпы саны:10*<br>*1-орун- 3*<br>*2 -орун -3*<br>*3 -орун -4* |
| | | *райондук* | *Долбоордун жалпы саны:-3*<br>*1-орун -*<br>*2 –орун -*<br>*3 –орун - 1* |
| | | *республикалык (Улуу Жеңиштин 74 жылдыгына карата «Эрдиктердин изи менен»)* | *Долбоордун жалпы саны:3*<br>*1-орун___*<br>*2 -орун __2_*<br>*3 -орун __1__* |
| | | *эл аралык* | *Долбоордун жалпы саны:* |
| **Мектептин ички көзөмөлү** | *Көзөмөлдүн багыттары:* | -жалпыга билим берүүнүн аткарылышы<br>-окуу предметтеринин берилиши<br>-Окуучулардын билим сапат, жөндөмү, окуу көндүмдөрү<br>-мектеп документациясы менен иш алып баруунун сапаты<br>-окуу программасынын жана жазуу иштеринин нормативдеринин аткарылышы<br>-жыйынтыктоочу аттестацияга даярдануу жана өткөрүү | |
| | *Документтер менен иштөө:* | Жыл ичинде мектептин нормативдик –укуктук документтери б.а техникалык коопсуздук журналы, класстык журналдар, өздүк делолор, дептерлер, күндөлүктөр текшерилип турду. Кооптуу делген окуу кабинеттерде техникалык коопсуздук журналдары уюштурулуп кол коюлган жана эстеткичтери бар. Бардык окуучулардын өздүк делолору бар жана тиешелүү документтери (туулгандыгы тууралуу күбөлүк, жашаган жеринен маалымдама, ата энесинин арызы жана паспортунун көчүрмөсү, 9-кл билими ж/дө күбөлүгүнүн көчүрмөсү) толук . Класс жетекчилер өз убагында чейректик жылдык бааларды жазып турушат. Мектеп комплектөөдөн өткөндөн кийин өндүрүштүк кеңешмеде журнал толтурууда бирдиктүү талаптардын аткарылышы боюнча нускама өтүлүп,предметтик мугалимдердин жана класс жетекчилердин милдеттери жөнүндө кеңири айтылды. Класстык журналдар календардык-тематикалык пландар боюнча толтурулуп, предметтик мугалимдер окуу программаларын толук аткарышты. Класстык журналдар ай сайын текшерилип, эскертүүлөр жазылып турду | |
| **Илимий–усулдук иштин анализи** | *Милдеттери :* | Ар түрдүү деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу менен, ар тараптан өнүккөн, чыгармачыл, изденген, өз Ата Мекенин сүйгөн, аны коргой билген толеранттуу, компетенттүү инсанды тарбиялоо | |
| | *Багыттары:* | 1. Кыргыз Республикасынын мыйзамы<br>2. Нормативдик укуктук документтер, билим берүүнүн максаты жана милдеттери, методикалык иштин системасы<br>3. Мектепти өнүктүрүү программасы | |

| | | |
|---|---|---|
| | | 4. Мамлекеттик стандарттар, окуу планы жана программалар<br>5. Жаңы педагогикалык изилдөөлөр, инновациялык жаралуулар<br>6. Методикалык иш тажрыйбаларды маалымат булактарына жайылтуу |
| | ***Иштин формасы :*** | -илимий практикалык конференция<br>-өз билимин өркүндөтүү<br>-насаатчылык<br>-мастер – класс<br>-ачык сабактар<br>-пихология-педагогикалык окуу<br>-усулдук кеңеш берүү<br>-илимий изилдөө долбоорлору<br>-чыгармачыл отчеттор<br>-окутуучу семинар-тренинг |
| | ***Педагогикалык кеңеш****(темалары):* | **№1**<br>1.1.2017-2018-окуу жылында мектепте жүргүзүлгөн усулдук жана окуу тарбиялык иштеринин анализи<br>**№2**<br>1.1. Башталгыч класстан 5- класска өтүүдөгү улантмалуулук боюнча жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгы<br>1.2. 2018-2019-окуу жылынын 1-чейреги боюнча окуучулардын билим сапатын жана жетишүүсүн талдоо<br>1.3. Маалыматтык комуникативдик технологиялар жана анын билим берүү процессиндеги ролу<br>**№3**<br>1.1.Билим сапат төмөн көрсөткүчтү берген класстардын билим сапатын көзөмөлдөө б-ча жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгы<br>1.2. Мектеп окуучуларынын ден соолугун чыңдоо боюнча иштерди уюштуруу<br>**№4**<br>1.1. 2018-2019-окуу жылынын 3-чейреги боюнча окуучулардын билим сапатын жана жетишүүсүн талдоо<br>1.2. Таланттуу балдар менен иштөөнүн жолдору<br>1.3. Миграциянын үй бүлөөгө, мектепке жана окуучунун билимине тийгизген таасири<br>**№5**<br>**1**.1 2018-2019-окуу жылында жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү жөнүндө Жобо менен педагогикалык жамаатты тааныштыруу<br>**№6**<br>1.1. 1-4-класстардын окуучуларын класстан класска көчүрүү<br>1.2. 5-8-кл окуучуларын көчүрүү экзамендерине киргизүү<br>1.3. 9-11-кл окуучуларын жыйынтыктоочу аттестацияга киргизүү<br>**№7** Көчүрүү сынактарынын жыйынтыгы, 5-8. 10-кл окуучуларын класстан класска көчүрүү<br>**№8.**<br>Мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясынын жыйынтыгы жана билими жөнүндө документтерди тапшыруу |
| | ***Усулдук кеңеш****(темалары):* | 1. Усулдук кеңештин иш планын 2018-2019-окуу жылына карата талкуулоо жана бекитүү<br>2. Сабак өтүүдө кыйналган мугалимдердин |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | муктаждыктарын аныктоо жана аларга жардам берүү<br>3. Окуучулардын компетенттүүлүгүн интерактивдүү окутуу аркылуу баалоо<br>4. Билим сапаты кескин түшүп кеткен предметтердин предметтик мугалимдеринин иштерине талдоо жүргүзүү<br>5. УБ бир жылдык иштеген иштерине талдоо жүргүзүү жана кийинки окуу жылына карата иш план түзүү |
| | ***Мектептин бирикмелери*** *(ишмердүүлүктүн багыттары):* | | 1. Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмеси<br>2. Орус тили усулдук бирикмеси<br>3. Чет тили усулдук бирикмеси<br>4. Так илимдер усулдук бирикмеси<br>5. Табигый илимдер усулдук бирикмеси<br>6. Башталгыч класстардын усулдук бирикмеси<br>7. Маданият усулдук бирикмеси |
| | ***Мугалимдердин өз билимдерин жогорулатуусу:*** | | Курстардын аталышы жана мугалимдердин саны-50<br>Кыргыз билим берүү академиясы-12<br>Лингва-2<br>Азия өнүктүрүү банкы-5<br>Борбордук Азия Университети-12<br>Келгиле окуйбуз-17<br>Креатив –Таалим - 2 |
| | ***Инновациялык ишмердүүлүк (формасын жана багыттарын көрсөтүү)*** | | --- |
| | ***Кесиптик чеберчилик кароо-сынактары жана иш-чаралар :*** | ***Райондук*** | Аталышы : «Жүрөгүмдү балдарга арнаймын-2019» тарых класстын мугалими<br>Орун: 2-орун |
| | | ***шаардык*** | Аталышы :«Жүрөгүмдү балдарга арнаймын-2019» тарых мугалими<br>Орун: 3-орун |
| | | ***Республика*** | Аталышы :<br>Орун: |
| | | ***Международные*** | Аталышы :КМШ мамлекеттеринин билим берүү кызматкерлеринин катышуусундагы 5-сьездде орус тили жана адабияты мугалими Топчубек к Н «орус тили жана адабиятын окутуудагы педагогикалык ыкмалар» темасында ой бөлүштү.<br>Орун: |
| | ***ЖОЖ менен байланыштары*** | ***Кыргызстан*** | *1. Эл аралык инновациялык университети*<br>*2. Борбордук Азия Университети*<br>*3. Кыргыз Мамлекеттик Юридикалык Академиясы* |
| | | ***Чет мамлекттер*** | |
| | ***Усулдук семинарлар:*** | ***Район*** | Аталышы : -- |
| | | ***Шаар*** | Аталышы :<br>1. «Предметтик компетенцияны сабакта жана класстан тышкаркы иштер аркылуу өнүктүрүү» физика- |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | информатика мугалимдеринин усулдук семинары<br>2.«Билим берүү жана тарбиялоо процессин уюштуруудагы заманбап педагогикалык технологияларды колдонуу» Свердлов жана Ленин районунун мектептери үчүн усулдук семинар<br>3. «Автоматтык каттоо жана катышуунун анализин чыгаруучу жабдыктарды пайдалануунун артыкчылыктары» -«жеткиликтүү мектеп» долбооруна кирген мектеп жетекчилери үчүн семинар |
| | | ***Республика*** | Аталышы :<br>Орун: |
| | | ***Эл аралык*** | Аталышы :<br>Орун: |
| | ***Эл аралык долбоорлор:*** | 1. Борбордук Азия Университетинин «Билим берүүнү өркүндөтүү» программасы<br>Максаты; Окуучулардын табигый илимдер, математика, информатика жана англис тили сабактарын окуудагы күтүлүүчү натыйжаларын жогорулатуу<br>2. Эл аралык толеранттуулук фонду -« Камера балдардын колунда» долбоору<br>Максаты; жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту алдын алуу, видео ролик аркылуу коомчулукка жеткирүү<br>3. Балдарды коргоо борбору «Балдардын социалдык абалын жана укугун коргоо» долбоору<br>Максаты;<br>4. «Өлкөнүн келечеги» коомдук фонду« Жеткиликтүү мектеп» долбоору<br>Максаты; окуу процессинин жүрүшүндө окуучулардын сабакка катышуусун эсепке алуу, окуучулардын коопсуздугун камсыздоо<br>5. ЮСАИД- «Келгиле, окуйбуз» долбоору<br>6. Максаты; 1-4-класстардын окуучуларынын базалык окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү максатында башталгыч класстардын мугалимдеринин билимин жогорулатуу | |
| **Психологиялык кызматынын ишинин анализи:** | | Ишинин багыттары (Эмне өттү? )<br>Класс жетекчи менен психологдун кызматташтыгы төмөнкү үч багыт боюнча жүргүзүлөт<br>1. Психологиялык-педагогикалык диагностика<br>2. Окуучуларды жана ата-энелерди психологиялык жактан агартуу иштерин жүргүзүү<br>3. Класстык коллективге жана психологдун жардамына муктаж окуучуларга түзөтүүчү (коррекциялык) иш жүргүзүү<br>Жыл ичинде класс жетекчи менен биргеликте окуучулардын окуу мотивациясы, үй бүлөөгө мамилеси, интеллект денгээли, эмнеге кызыгаары, жалпы жана адистик жөндөмдүүлүгү, кесиптик кызыкчылыгы, муктаждыктары жана керектөөлөрү изилденди. | |
| **Соц педагог кызматынын ишинин анализи:** | | Ишинин багыттары (Эмне өттү? ) | |

| | |
|---|---|
| ____ соц педагог | -социалдык-педагогикалык изилдоо<br>-баланын укуктарын коргоо<br>- социалдык педагогикалык кеп кеңеш берүү<br>-талдоочулук, бала менен суйлошуу<br>- Балдардын укугу жөнүндө (конвенция) Билим берүү мыйзамы жөнүндө ата-энелерге, мугалимдерге консультацияларды уюштуруу, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү<br>Социалдык педагогдун биринчи максаты окуучунун жашоосундагы орчундуу маселелерди чечүүдө бала менен үй-бүлөнүн коомдук жана мамлекеттик уюмдардын ортосунда байланышчы болуу менен баланын кызыкчылыгын коргойт. Сентябрь айынын башталышы менен окуучулардын жашаган жери, социалдык абалы боюнча: толук эмес уй-булоодогу окуучулар,жарты жетим, тоголок жетим, коп балалуу уй-булодогу окуучулар, аз камсыз болгон уй-булоодогу окуучулар, опекундагы окуучулар, мигрант уй-булоодогу окуучулар, майып окуучулар, авган ветерандын балдары апрель революциясына катышкандардын балдары, жана алардын жашоо шарты тууралуу ошондой эле тобокел тобундагы жана мечитке барган, сабактан кийин жана каникул учурунда иштеген окуучулар жонундогу маалыматты класс жетекчилер менен биргеликте тактадык. Ошондой эле тартиби начар, сабакты системалык турдо калтырган окуучулар менен жекече суйлошуу жана тушундуруу иштери жургузулду. План боюнча иш алып барылды. Жыл ичи турмуш шарты оор, ар кандай себептер менен сабакты коп калтырган уй-булодогу балдардын уй-шарттары менен таанышып, акт түзүлүп, ата-энесине тушүндүрүү иштери жургузулду, жекече суйлошуулор жургузулду, кеп-кенештер берилип, окуучулар, ата-энелер жана класс жетекчилер менен тыгыз байланышта иш алып бардык |

**Жыйынтык**

№87 орто мектебинде 2018-2019-окуу жылында билим берүү тармагында жараткан ийгиликтерибизди жана окуучулардын жогорку деңгээлдеги даярдыктарын эске алуу менен мектептин ишмердүүлүгү толук кандуу жаңыланып жана алдыга өнүгүүнүн үстүндө десек болот.

Мектептин жыл ичиндеги ишмердүүлүгүндө конкурстарга катышуу, билим сапаттын стабилдүү өсүүсү, окуучулардын контингенти боюнча туруктуу абалдын сакталуусу, адистер менен толукталуусу, окуу планынын аткарылуусу талапка жооп берди.

Мектепте мугалимдердин чыгармачылыктарын өркүндөтүү жана окуучуларга сапаттуу билим берүү боюнча тийиштүү шарттар каралган. Окуучулар окуу китептери менен 92% камсыз болушкан. Педагогикалык кызматкерлер үчүн методикалык окуу китептери жыл сайын толукталып турат жана сабактын эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында электрондук ресурстар колдонулат. Анда мугалимдер сабактын айрым фрагменттерин электрондук формада даярдашып мультимедиялык аппараттарды (интерактивдүү доска)пайдаланышат. Учурда мектепте өздүк сайт ачылган.
Окуучулар электрондук китепкананы пайдаланышат
Мектепте 2 компьютер классы бар. Андагы компьютерлердин саны 20, бардыгы интернет түйүнүнө кошулган. Окуучуларга заманбап билим берүү максатында окуу кабинеттеринде 7 интерактивдүү доска, 5 интерактивдүү система коюлган. 20 телевизор анын ичинде 2 плазмалык, 20 DVD, 1пианино, 1 синтезатор, 1 үн күчөткүчү менен музыкалык аппаратура бар.
Мугалимдердин билим сапатка өзгөчө көңүл буруусу стабилдүү жолго салынып мезгил- мезгили

менен текшерүүлөр жүргүзүлдү. Педагогикалык кызматкерлердин окуу планын аткарууда сабактардын сапаттуу берилүүсү, структурасынын сакталышы, инновациялык ыкмаларды пайдалануусу, электрондук материалдарды сабактын фрагметтерине камтуусу боюнча методикалык күндөр уюштурулуп, көзөмөл жүргүзүлүп турду.

Окуучуларга сапаттуу билим берүүдө жаш өзгөчөлүгүнө жараша бекитилген окуу пландын негизинде психикалык-моралдык кысымга алынбаган жагдайда окутуу жүргүзүлөт. Алар толук кандуу акысыз окуу китептери менен камсыз болушуп, социалдык абалына жараша тиешелүү жеңилдиктерди алуу менен коопсуз шарттарда окутулду.

Мугалимдердин талыкпаган чыгармачыл эмгегинин жыйынтыгын район ичинде өткөрүлгөн олимпиадада(7 орун), жыл аягында жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгынан көрүүгө болот. ЖРТ дө 49 окуучу катышып, өтмө баллга 10 окуучу жеткен эмес. Ал эми 24 окуучу 110-150 баллга чейин, 15 окуучу 150-200 баллга чейин жетишкен. Эң жогорку балды 11-а кл окуучусу Калыгулов Кайрат 200 балл алды

Кызматкерлердин жана окуучулардын билим алуусунда коопсуздукту сактоо жана уюштуруу максатында өрт кызматы, санитардык-эпидемиологиялык борбор, ИИМ кызматкерлери менен биргелишкен иштер аткарылды.

Мектеп Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы жаңы мыйзамдар, долбоорлор, программалар менен өз учурунда маалымдалып, билим берүү стандарттарына шайкеш келүүчү иш кагаздардын негизинде иш алып барды.

Мектеп окуу процессинин катышуучуларынын талаптарын эске алуу менен заманбап билим берүүгө аракеттенип жатканы менен төмөнкү багыттарда көйгөйлөр аныкталды жана анан үстүндө максаттуу иш алып баруу керектигин белгилөө керек;

1. Айрым сабактарды окутууда жаңы ыкмаларды пайдалануу, жаңыча идеялар менен окутууну толук кандуу колго албастан традициялык багытта окутулушу
2. Класс жетекчилердин ата-энелер менен иш алып баруудагы тарбия иштерине жасалган басымдын аздыгы
3. Окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша психологиялык кызмат көрсөтүүнүн чабалдыгы
4. Сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен системалуу иш жүргүзүү, б.а. аларга жалпы жана өзгөчөлөнгөн билим берүүдө предметтик мугалимдердин жоопкерчиликсиздиги

**2019-2020-окуу жылына карата сунуштар жана милдеттер**

1. Билим сапатынын көрсөткүчүн көтөрүү максатында предметтик олимпиадалардын кийинки этаптарына пландуу даярдыктарды көрүү, УТБ менен тыгыз байланышта иш алып баруу жана жыйынтыгын ЖРТ көрүү
2. Илимий изилдөөчү долбоорлорго активдүү катышуу менен окуучулардын мотивациясын жогорулатуу
3. Бир сабагынан “3” же “4” чыккан окуучулар менен жекече иш алып баруу
4. Эл аралык жана коомдук уюмдар менен максаттуу иш алып баруу
5. Сабакты начар өздөштүргөн окуучулардын билимин калыптандырууда алардын реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен окутуунун жаңы натыйжалуу жолдорун издөө
6. Тарбия берүү процессинде класс жетекчилердин окуучулардын социалдык абалын эске алуу менен ар бир окуучуга жекече мамиле кылуусу
7. Психологиялык кызматтын ишин активдештирүү

Мектеп директору [signature] Исакова С.Н